УДК: 94(575.2)

Алымбеков К.А., Кангелдиев Б.С.
*К.Тыныстанов ат.ЫМУ*

# КЫРГЫЗДЫН АЛГАЧКЫ ОФИЦЕРИ

*Макалада кыргыздан чыккан алгачкы офицер Аден Истамбековдун өмүр таржымалы, элге кылган кызматы акыркы табылган архивдик материалдардын негизинде чагылдырылды.*

***Негизги сөздөр:*** *«Александровский централ», татар-тузем, Приходдук чиркөө, Кызыл командир, эл душманы, аскер комиссары, улутчулдар.*

*В данной статье по последним изученным архивным материалам рассматриваются автобиографические данные о первом кыргызском офицере Истамбекове Адене.*

***Ключевые слова:*** *«Александровский централ», татар-тузем, Приходская церковь, красный командир, враг народа, военный комиссар, националисты.*

*This article deals with the biography of Aden Istambekov and his woks on the base of his latest archeological materials.*

***Key words****: Aleksandrovsky central, tatar-tuzem, Coming church, red commander, the enemy of nation, military commander, nazism*

Кыргызстандагы XX кылымдын отузунчу жылдарындагы репрессия өлкөнүн бардык чөйрөлөрүн камтыган. Мурдараак репрессиянын курмандыктары коомдук-саясий ишмерлер, маданий, билим берүү, агартуу, экономикалык-чарбалык тармакта эмгектенгендер болсо, 30-жылдардын аягында алардын тизмесинин катарына граждандык согушта жана контрреволюциялык кыймылды жоюуда эрдик көргөзгөн Кызыл Армиянын аскер жетекчилери кошулган. Эгемендүүлүккө ээ болгондон бери 1937-1938-жылдагы реперессиянын көмүскө чындыгы ачыла баштаганы менен, тарыхый инсандарыбыздын ичинен советтик мезгилде калыптанган туңгуч аскердик интеллигенциябыздын көрүнүктүү өкүлдөрү эскерилбей келет. Алардын ысымдары, учурундагы патриоттуулук аракеттери – мамлекетибиздин азыркы жана болочок муундарына көөнөрбөс өрнөк. Ошол мезгилдеги эң жогорку аскердик билимдүү, эң кыраакы жана тажрыйбалуу дасыккан командирлердин бири болгон жердешибиз Аден Истамбеков жөнүндө маалымат берүүнү туура көрдүк. Анын өмүр баянын окуган ар бир адам өз өмүрүн жалаң аскер ишине арнап, жогорку аскер билимине жуурулуша таланттуу аскер жетекчиси болуп калыптанып келе жаткан А.Истамбековдун отуз беш жаш курагында ак жерден караланып, күнөөлөнүп, отуз жети жаш курагында ырайымсыз кыйноодон репрессиянын курмандыгына айланып, өмүрү кыйылганына күбө болушат. А.Истамбековдун өздүк иш кагазындагы өмүр баянында 1902-жылы 3-июлда Караколго жакын Ичке-Жергес айылында туулган деп жазылат. А.Истамбековдун архивдеги өмүр баяны менен таанышып отуруп жана XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башындагы Кыргызстандагы революциялык кыймылдар тууралуу тарыхый китептерден анын атасы Ногойбай жөнүндө маалыматтарды жолуктурууга болот. 1905-жылдын жай айында Пржевальск уездинин Жергес айылында жергиликтүү элди ырайымсыз эзген орус кулагы Романовго каршы кыргыздардын толкундоолору болот. Бул толкундоолор күчөп отуруп, күз айында Жергес кулактарына каршы Ногойбай Истамбеков баштаган куралдуу көтөрүлүш болуп, натыйжада, орус кулагы Романов менен падышалык бийликтин чиновниги каза болот. Бул көтөрүлүштүн бир нече активдүү

катышуучулары жазаланып, анын жетекчиси Истамбековдун атасы Ногойбай 1906-жылы падышалык өкмөттүн буйругу менен он бир жылга Сибирге «Александровский Централга» сүргүнгө айдалган. Аден 1909-1911-жылдары Александровск - Иркутск шаарындагы татар-тузем мектебинен окуйт. 1913-1916-жылдары Каракол районундагы Ново-Константиновка айылындагы Приходдук-чиркөө мектебин бүтүрөт. Ошол 1916-жылдагы трагедиялуу Үркүндө эл менен кошо Кытайга качкан. 1917-жылы Октябрь революциясынан кийин мекенине кайтып келип, 1918-1921-жылдары Каракол шаарындагы башталгыч окуу жайында билим алат. 1921-жылы августа Каракол шаарынын революциялык комитети орус тилин билген сабаттуу аскер ишине жарактуу улан катары Ташкенттеги жөө аскер №29 командалык курсуна курсант катары окууга жөнөтөт. 1922-жылы Ленин атындагы Ташкент жөө аскер курсунан окуп, 19 жашында кызыл командир адистигин алып, офицер наамына ээ болот. Ошол эле жылы Түркстан фронтунун штабы Ташкент уездинин Ходжент айылындагы 813-өзгөчө ротанын командиринин жардамчысы жана взводдун командири кылып дайындайт. Бул жерде 1924-жылдын май айына чейин офицердик милдетин өтөйт. 1924-1925-жылдары Ташкенттеги Орто Азия бириккен улуттук аскер мектебинин II разряддагы инструктору жана взводдун командири катары кызмат кылат. 1925-жылдын августунда бириккен улуттук аскер мектебинин жолдомосу менен Москвадагы РККАнын Жогорку аскердик-педагогикалык мектебинин угуучусу болгон. 1927-жылы августта аны аяктаган соң Ташкенттеги Ленин атындагы Орто Азия аскердик окуу жайына тактикадан окутуучу болуп 1931-жылга чейин эмгектенип, 1931-1932-жылдары ушул окуу жайдын окуу бөлүмүнүн башчысынын жардамчысы кызматында иштейт.

Ар нерсеге тубаса дилгир А.Истамбеков Ташкентте эмгектенген ушул төрт жыл аралыгында окутуучу катары аскердик кызматты аркалоо менен бирге саясий билимин өркүндөтүү максатында Орто Азия коммунисттик университетинин (САКУ) педагогика факультетинин тарых бөлүмүндө окуйт. 1928-1931-жылдары Ленинград шаарындагы РККАнын (Рабоче-Крестьянская Красная Армия) Жогорку аскер окуу жайынын бронетанкалык жогорулатуу курсунан өтөт.

Аскердик милдетин офицер катары өтөп, жогорку билим алуу менен чектелип калбастан, ал партиялык жана коомдук иштерге активтүү катышкан. 1929-1932-жылдары Аскердик окуу жайдын партиялык уюмунун жооптуу катчысы, Ташкент шаардык кеңешинин мүчөсү, Ташкент шаардык Пролетарск райкомунун мүчөсү, Орто Азия аскер округунун партиялык уюмунун бюро мүчөсү болгон. Саясий аскердик эң мыкты даярдыгы үчүн 1932-жылы Өзбек ССР БАКынын Ардак грамотасы жана күмүш сааты менен сыйланса, 1933-жылы Орто Азия аскер округунун командачысынын баалуу сыйлыгына арзыйт. Ошондой эле полктун эң мыкты саясий даярдыгы үчүн Казакстан БАКынын «Казакстанга 15 жыл» төш белгиси менен сыйланган.

1933-жылы декабрь айында Коргоо эл комиссарынын жарлыгы менен Алматы шаарына Казакстан атчандар полкунун командиринин саясий иштер боюнча орун басары, андан кийин командири болуп дайындалат Бул жерде иштеп турганда «мындай кадр бизге керек» деп, Борбордук Аткаруу Комитетинин төрагасы Абдыкадыр Орозбеков менен Эл Комиссарлар Советинин төрагасы Баялы Исакеевдин чакыруусу менен 1936-жылы Кыргызстанга келет. Кыргыз атчандар полку 53-кыргыз дивизиону болуп кайра түзүлгөндө, Аден Истамбеков Кыргыз ССРинин аскер комиссары болуп дайындалат. Кыргызстан Компартиясынын I

сңездине делегат болуп катышып, КП(б) Борбордук Комитетинин мүчөлүгүнө шайланат.

1937-жылы Ферганадагы 21-тоо атчандар дивизиясынын саясий бөлүмүнүн начальнигине дайындоо жөнүндө буйрук келет. Ошол учурдагы Орто Азия боюнча аскердик чоң кызматка мекендештери өздөрүнүн комиссарын сыймык менен узатышкан. Бирок кайткыс сапарга жөнөтүп жатышканын эч кимиси билишкен эмес.

1937-жылы 11-майда Кызыл Армиянын Жогорку командалык курамындагы Тухачевский, Якир, Уборевич баш болгон аскер жетекчилери камалып, аларга «мекенди саткан, шпион, контрреволюциялык уюмдарды уюштуруучулар» деген айыптар тагылып, мамлекеттик кылмышкерлер катары 12-июнда атылган соң, эми «эл душмандарын» бүт өлкө боюнча Кызыл Армиянын бардык курамынан издей баштаашат. Албетте, «андай элементтерди» кыргыздын кызыл атчандар полкунан табышкан. Биринчилерден болуп, 1937-жылы 1-августта экинчи эскадрондун командири Асан Алиев камалган («Эркин Тоо» гезитинин редактору, эл агартуу комиссары Осмонкул Алиевдин бир тууган иниси – А.К.). Ага удаа эле «Социал-Туран» партиясынын аскердик филиалын уюштуруучулар, совет өкмөтүн кулатууга ниеттенген улутчулдар» деген жалаа менен катардагы жана мурдагы командирлердин курамы биринин артынан бири камалат. Окумуштуу, тарыхчы-архивист Ж.Р.Байдилдеев өз изилдөөсүндө айыпсыз камалып кеткен Аден Истамбеков, Кожобек Күзөмбаев башында турган 33 аскер адамынын аты-жөнүн атап кетет. Репрессияланган кыргыз аскер жетекчилеринин көбү КПССтин XX сңездинен кийин акталышкан. Кыргыз ССРнин Мамлекеттик Коопсуздук Комитети Асан Алиевдин уулу Сүйүнбек Алиевдин арызын карап, 1958-жылы 13-февралда «кылмыш ишин» токтотуу туралуу токтом чыгарат. Бул архивдик материалда төмөнкүдөй маалымат айтылат: Алиев, Истамбеков, Күзөмбаев 1937-жылдын август айынан 1938-жылдын октябрь айына чейин Кыргыз ССР НКВДсы тарабынан 53-Кыргыз кавалериялык полкунун 44 аскер кызматкерлери менен кошо камалган... Тергөөнүн жүрүшүндө 41адам, анын ичинде А.Алиев, К.Күзөмбаев, А.Истамбеков өздөрүнө коюлган күнөөнү мойнуна алышкан эмес. Андыктан аларга тергөө күч колдонуу менен жүрүп, кошумча сурака жетишкен эмес, Алиев 29-май 1938-ж., Истамбеков 8-январь 1939-ж., Күзөмбаев 12-январь 1939-ж. түрмөдөн каза болушкан. Ушуга байланыштуу, үчөөнө козголгон кылмыш иши күнөөсү такталбаганына байланыштуу токтотулган. Репрессияланган кыргыз аскер жетекчилери Кыргызстанда алгачкы армиянын түзүлүшүнө негиз салып, кыргыз улуттук атчандар эскадронунун (кийин дивизия, полк) тарыхы менен тыгыз байланышкан. Кийин бул даңктуу эскадрон, полктон нечендеген партиялык жана мамлекеттик ишмерлер өсүп чыккан. Элибиздин көрүнүктүү уулдары, кыргыз мамлекетинин пайдубалын түптөөчүлөр Жусуп Абдрахманов, Абдыкадыр Орозбеков, Жайнак Саадаев, Турдалы Токбаев ж.б. полктун ардактуу жоокерлери болушкан. Репрессиядан акталган кыргыз аскер жетекчилеринин дээрлик бардыгы Кыргызстанда түзүлгөн Панфилов дивизиясынын жана башка Советтик Армиянын курамында Улуу Ата Мекендик согушта эрдиктерди көргөзүшкөн. Мына ушуларды эске алуу менен, репрессияланып акталган аскер жетекчилеринин ысымын түбөлүккө калтыруу жана алардын эрдиктерин кийинки муундарга жеткирүү максатында алгылыктуу иштердин жасалышы зарыл. Биздин оюбуз боюнча, Кыргыз Атчандар полкун түзгөн алгачкы аскер жетекчилердин ысымдары чек ара отряддарына жана аскер бөлүктөрүнө ыйгарылса, тарыхтан өз ордуларын таап, жаш аскерлерге патриоттуулуктун сабагы болор эле. Ошондой эле алардын

даңазалуу жолун, аскердик тактикасын камтыган илимий-документалдуу китептерди чыгарып, аскер бөлүктөрүнө, аскер окуу жайларына, ЖОЖдордун жана мектептердин окуу-тарбия иштерине пайдаланса, алардын эрдиктери аркылуу келечек муундарды патриоттуулука, Ата Мекенин сүйүүгө тарбиялап шыктандырууда чоң көмөгүн тийгизмек. Кийинки кезде армиядан качкан жана баргысы келбеген уландардын санынын азайышына алып келмек деген ойдобуз.

**Адабияттар.**


1. Возникновение и развитие революционного движения в Киргизии в конце XIX-начале XIXвв. – Ф.,1973. -с.95.
2. Байдилдеев Ж. Кыргызстандагы саясий куугунтуктоолор (1937-1938). –Бишкек, 2013. 132-133 бб.
3. КР СД БМА,ф.10,оп15, д.1157, б.14-17.
4. Турсунов Э. Эл душман. – Бишкек, 2010.